## Табышмак


Тиши болот темирден,
Тийген жерин кемирген.
Түзөп аңын-дөңүн,
Түйшүктүн баарын бүтүргөн.


*(Б . . ь . . . . р )*



?







| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | ь | | |

?

# Ъ

ъ



## Под-ъезд-де

Бул үй — төрт под-ъезд-ден турат.

Биринчи под-ъезд-де бардыгы он эки үй-бүлө жашайт. Алар ынтымактуу кошуналар. Балдары да ынтымактуу.

Дайыма чогуу ойношот. Алар ойноп жатканда өз тилдерин бири-бирине үйрөтүшөт.

Ошондуктан бир күнү кыргызча, экинчи күнү орус тилинде сүйлөшөт. Үчүнчү күнү дагы бир тилде сүйлөшүүгө аракет кылышат.

Ошентип, бул под-ъезд-дин балдарынын ар бир күнү кызыктуу да, пайдалуу да өтөт.

**ЫНТЫМАК ДОСТОРДУН ЖОЛУН АЧАТ,**
**ЫНТЫМАК БОЛБОСО, ЫРЫСКЫ КАЧАТ.**



## Кыргыздын Ала-Тоосу

Жайы-кышы кетпеген,
Мөңгүсү бар Ала-Тоо.
Асман менен тирешкен,
Белгиси бар Ала-Тоо.

Балдан ширин туптунук,
Булагы бар Ала-Тоо.
Тукабадай кулпурган,
Тулаңы бар Ала-Тоо.

Ала-Тоонун арасын,
Айбандары жойлогон.
Аюу, жолборс, сүлөөсүн,
Аралашып ойногон.

*Ж. Бөкөнбаев*

Ырдын мазмунун түшүнүп оку. Жатта.

# Манас

## I

Манастын чоң атасы Каракан болгон. Ал дүйнөдөн өтүп, уулдары жаш калат. Кытайдын кандары Молто менен Алооке кыргыздарга зордук-зомбулук көрсөтүшөт. Кыргыздар өз жеринен айдалып, ар кимиси ар жакка тарайт.

Манастын атасы Жакып туугандары менен Алтай тоосуна качып барат. Жакып балалуу болбой жүрүп, көп жылдан кийин байбичеси Чыйырды уул төрөйт.

Уулу баладан башкача төрөлөт. Ага ылайык ат коюш үчүн аксакалдар чогулушат. Бирок, ага ылайык ат таппай кыйналышат. Ал аңгыча ак сакалчан думана пайда болот.

— Бул баланын аты «Манас» болсун! — деп көздөн кайым болот. Баланын атын Манас коюшат.


## II

Манас он эки-он үч жашка чыгып, эс тарткандан баштап:

— Кыргыз элим, жерим үчүн жанымды аябайм! — деп тайманбай айтып, эл оозуна алынат.

Анын мындай тайманбастыгы кытай-калмактарга да угула баштайт.

Манас, Манас болуптур,
Манас атка конуптур,
Улук жашын сурасаң
Он экиге толуптур,
Торучаарды миниптир,
Ок өтпөстү кийиптир.



Ошол кезде Манасың,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Атышарга ок таппай,
Кечерине чок таппай,
Зың-зың этип кенебей,
Кара кытай, манжууну
Кагышарга ой кылып,

Калган экен кабылан
Бучкагына теңебей.
Кытай кордук кылганын,
Кыйла журтун кырганын
Эбак ойлоп билиптир.

### III

Күндөрдүн биринде Манас кырк бала менен ордо оюнун ойноп жаткан. Ошол маалда ашуудан кытай-калмак кербендери келе жатты.

Кербенчилер түз эле балдар ойноп жаткан ордону көздөй бет алышты. Алар кыргыздарга кыргын салып, малын талап, Манасты байлап кетүү үчүн келе жатышкан.

Манастын жолдоштору четке чыга беришти. Жалгыз гана Манас сыңар тизелеп, чүкө мээлеген бойдон ордонун ортосунда калды.

Ал мээлеген чүкөнү ачуулана атты. Аткан чүкөсү алдыда келе жаткан төөнүн бутуна тийип, сындырып кетет. Төө тумшугу менен жер сайып жыгылат.

Ачууланып ал Манас
Бир чүкөнү черткени,
Чүкө ыргыды чыркырап,

Эсенкандын эки нары,
Чүкө тийген жилиги,
Талкан болду быркырап
Кызыл нар кыйрап жыгылды.

## IV

Куралчандар он эки-он үч жашар балдарды курчап калышат да, Манаска:

— Эй! Мадыра баш! Бул эмне кылганың?! Эң мыкты төөбүздүн бутун сындырдың! Бул үчүн, сен көргүлүктү көрөсүң! — деп бакырышат.

Манас жолдошторуна белги берет. Алар кол салган кытай-калмактардын балбандарын талкалап салышат.

Каарды Манас баштады,
Алтымышын тырайтып,
Арстан кырып таштады.
Талкан чалган эмедей,
Кудай бетин салбай кал,
Калайманды баштады,
Эки жүз экен балбаны.
Эсил Манас кабылан,
Баарын жайлап таштады.

1. Текстти оку, түшүнгөнүңдү айтып бер.
2. Сага жаккан ыр саптарын жаттап ал.

**ЭР ЖИГИТ ЭЛ ЧЕТИНДЕ, ЖОО БЕТИНДЕ.**



## Болуп калды жазгы убак

Кыш кеткенде жаз чыгат,
Жаз алдында ким турат?
Байчечекей биринчи,
Баш чыгарып кымпыят.

Кыш кеткенде жаз чыгат,
Жазды тосуп ким турат?
Калың кара чыйырчык,
Учуп келет чуркурап.

*Б. Сарногоев*

Ырда кайсы мезгил сүрөттөлгөн?

## Байчечекей

Күн жылып, кар эрий баштады. Кардын эриген суусу, байчечекейдин тамырына жетти. Ал тамырдан чыккан байчечекейдин сабагы сыртка чыгууну эңседи.

Аңгыча чыйырчыктын үнү угулду.

— Ой, мен кечигип калганмын го! — деп мойнун созуп сыртка чыкты. Байчечекей сырттагы жазгы суукттан чыйрыгып кетти. Ошол маалда:

— Эй, сулуу саламатсыңбы? — дегенсип күн нурун чачты. Байчечекей бажырайып ачыла түштү.

Талда конуп отурган кара чыйырчык байчечекейди көрө коюп:

— Сүйүнчү, сүйүнчү, жергебизге жаз келди! Жаз келди! Чрр-к, чрр-к! — деп жар сала учуп жөнөдү.

*А. Абыканова*

Текстти оку, түшүнгөнүңдү айтып бер.

### Чыйырчык дос



Түрүң баркыт өңүндөй,
Каралыгың көмүрдөй.
Кайда жүрдүң чыйырчык
Күздөн бери көрүнбөй.

Келсе экен деп айылга,
Сени күттүм айылда.
Ала шалбырт жаз менен,
Уя салдым бутакка.

Сен кичине баатырсың,
Ыйык жана асылсың.
Чегирткени терип чык,
Жердин көркү ачылсын.

*А. Токтомушев*

Чыйырчык жөнүндө эмне билдиң?



## Байчечекей

Кар эриди, кар кетти,
Жердин бети көгөрдү.
Ким айдады, ким септи,
Байчечекей төрөлдү.

*М. Жангазиев*

## Күн карама



Күн карама, күн карама,
Күлүп-жайнап өсүп турат.
Күндү карап талаада.
А күн ага нурун төгөт:
— Өсө кой деп, садага!

*К. Жунушев*

## Бир жолу

Бир жолу дыйкандар чоң бычак таап алып, Апендиден «Бул эмне деп?» — сурашат.

— Бул тиши чыга элек араа, — деп жооп бериптир.

* * *

Бир жолу Апендини сөзгө жыгыш үчүн жолдошторунун бирөө минтти:

— Кокусунан мен чычкан жутуп жибердим, эмне кылышым керек?

— Оо, андай болсо артынан мышыкты жут, — дептир Апенди.

Окуп, түшүнгөнүңдү айт.

## Гүлдөрдү ким жакшы көрөт?

— Мен жакшы көрөм гүлдөрдү, — деди Асык гүлдөрүнө суу жайып.

— Сенден мен жакшы көрөм! — деди Кастай мактанып, гүлдөрүн жыттагылады, өпкүлөдү. Ошентти да гүлдөрдү тарсылдатып үзө баштады:

— Мен катып коём.

Эртеси караса «катып койгон» гүлдөрүнүн өңү өчкөн, соолуган. Бул эмнеси? Асык гүлдөрүнө суу сээп жүрүптүр. Гүлдөрү кечээкиден да көп, кызыл-тазыл.


Гүлдөрү да күлөт, өзү да күлөт:

— Мен гүлдөрдү жакшы көрөм, үзбөйм, багам. Буга Кастайдын ичи күйдү, ыйлады. Гүлдөрү да шүмүрөйдү, соолуп жатты. Кимиси гүлдөрдү жакшы караган?

*Ш. Садыбакасов*

1. Балдардын кимиси гүлдөрдү жакшы көрөт?
2. Кастайдын эмнеге ичи күйүп, ыйлады?

## Китепти сүй



Китепти сүй, баркын бил,
Китептин көп акылы.
Ким китепке дос болсо,
Ал ошонун жакыны.



Сүттөй таза тилеги,
Деңиздей кең талабы.
Көктөй тунук акыйкат,
Анын ар бир барагы.

*А. Осмонов*

Ырды жаттап ал.

## Алдар Көсө

Бир тыңсынган киши Алдар Көсөгө жолугуп:

— Эй, Алдар Көсө, кана кыйын болсоң, мени алдачы — дептир.

Алдар Көсө көп ойлонуп турбастан:

— Атаң көрү, алдай турган баштыгым үйдө калыптыр. Келе атыңды, алып келе коёюн — деп шаштырганда, ал макул болуп атынан түшүп бериптир. Анда Алдар Көсө:


— Эй, кишим, алдайт деген ушул! — деп чаап кеткен экен.

*А. Осмонов*

## Айбанаттардын талашы

Уй, ат, ит — үчөө кимисин ээси жакшы көрөрүн талашып калышты.

— Албетте, мени, — деди ат. — Анткени, буурусун менен маласын тартып берем, токойдон отунун алып келем, өзү болсо



мени минип алып шаарга барат, менсиз анын күнү өтпөйт.

— Андай эмес, ал мени өзгөчө жакшы көрөт, — деди уй. — Мен анын бүтүндөй үй-бүлөсүн сүтүм менен багам!

— Жок, мени, — деди ит ырылдап:

— Мен анын бардык мал-мүлкүн кайтарып берем!

Эртеден бери алардын талаштарын угуп турган кожоюн акырын басып келди да, минтти:


— Эй, болбогон талашты койгула, силердин ар бириңер өз ишиңер менен баалуусуңар, ошон үчүн мага керексиңер.

*К. Ушинский*

Көркөм оку, мазмунун айтып бер.

## Балдарга насыят

Ырыскыңды бекерге,
Төкпөгүлө, балдар ай.
Акарат кылып бирөөнү,
Сөкпөгүлө, балдар ай.



Бирдин көөнүн оорутуп,
Кетпегиле, балдар ай.
Түбү кандай болушун,
Эстегиле, балдар ай.

Каяша сүйлөп, сөз кайрып,
Турбагыла, балдар ай.
Шоктук кылып бирөөнү,
Урбагыла, балдар ай.

Атка минсең, сылантып,
Токугула, балдар ай.
Илим-билим пайдалуу,
Окугула, балдар ай.

*Барпы*

Сага жаккан ыр саптарын жаттап ал.

## Үлгү ырлар

Дайранын көркү кемеде,
Баланын көркү энеде.
Акыл айтсаң тыңшабай,
Акмактын көркү жемеде.

Эчкинин көркү — төл менен,
Эгиндин көркү — жер менен,
Эликтин көркү — төр менен,
Эр жигит көркү — эл менен.

Жаман адам белгиси —
Өз камы үчүн жүгүрөт.
Жакшы адам белгиси —
Эл камы үчүн күйүнөт.

*Токтогул*



## Кожомкул балбан

Баракан байдын төөсү сазга батып, жыгылып калат.

Төөсүнө кейиген Баракан байдын чыйпыйы чыгат. Ал жигиттерине карап:

— Кумурскадай жайнап жүрүп эртеден бери төөнү саздан чыгара албай койдуңар. Күчүңөр ашка эле чыккан арам тамактар турбайсыңарбы! — деп наалыйт. Ошол маалда Кожомкулду көрө коюп сүйүнүп кетет да:

— Кана, балбан, мобул төөмдү баткактан чыгарып берчи — деп калат.

Аттан түшүп басып келип, төөнү өркөчүнөн кармап копшоп-копшоп коёт. Сазга баткан төө бир аз бошой түшөт. Карап турган адамдар кыл аркан менен чырмап байлап жиберишет. Кожомкул чирене тартканда, төө «бурк» этип саздан сыртка чык-

ты. Балбандын күчүнө ыраазы болгон көпчүлүк ага ак тилек каалашты.

Баракан бай сүйүнгөнүнөн Кожомкулдун үстүнө чепкен жааптыр.

*Ш. Кулуев*

Кожомкул төөнү саздан кантип чыгарды?

**Ат сыйлаган жөө баспайт**

Тердик, желдик, көрпөчө,
Тизгин, суулук, жүгөн дейт.
Ак каңкы ээр, басмайыл —
Ат жабдыгы түгөнбөйт.

Ашкан күлүк ат мына,
Арпа берип баккыла.
Жал куйругун түргөн соң,
Жибек жабуу жапкыла.



Көмөлдүрүк каткыла,
Куюшканды таккыла.
Үзөңгүнү чире тээп,
Күндү көздөй чапкыла.


*А. Рыскулов*

Көркөм оку. Ат жабдыктарды атап айт.

## Каркыра менен түлкү

*(Кыргыз эл жомогу)*

Каркыра менен түлкү дос болушту. Экөө бир-бирине кошуна конушту.



Каркыра жумурткасын басып, балапан чыгаргандан кийин түлкүгө келип:

— Түлкү дос, мен жем таап келейин, балапандарыма көз салып тургун, — деди.

— Каркыра досум, эч нерседен кам санаба, бара бергин, — деп түлкү анын бир балапанын жеп койду. Анан каркыранын келе турган жолуна ыйлап отуруп алды. Бир убакта каркыра келип:

— Түлкү дос, эмне ыйлап отурасың? — деди. Анда түлкү ого бетер өңгүрөп ыйлап:



— Ыйлабаганда кантем. Көзүм кашайып көрбөй калыптырмын, узун моюн балапандын бири жок, — деди.

Каркыра түлкүдөн шектенип, калган балапандарын алып, бөлөк жерге көчүп кетиптир.

1. Каркыра менен түлкүнүн достугу сакталабы?
2. Түлкүгө мүнөздөмө бер.

## Сак күчүк



Айлана мемиреп,
Ала-Тоо керилет.
Бөбөктөр,
Бөжөктөр,
Козулар,
Кулундар,
Уларлар,
Улактар,
Уйкуга берилет.
Бир гана сак күчүк,
Уктабайт көрүнөт.
Арсайган тоо жомоктой,
Ай көрүнөт ороктой.
Сак күчүк борсулдайт,
Ууруну,
Бөрүнү жолотпой.
Тоскоолду майтарып,
Уктабайт сак күчүк.

*Т. Кожомбердиев*

Ырды көркөм оку.

## Карышкыр менен эчки

Карышкыр аскада оттоп турган эчкини көрөт. Шилекейи агат. Ал аскага чыга албай турганын сезди. Анан эчкиге: — «Төмөн ке-

лип оттобойсуңбу! Жери түз, чөбү ширин экен» — дейт карышкыр.

— Ыракмат, Каке. Сен мени тойсун деп чакырбай эле, өз курсагыңдын камын ойлоп жат-пайсыңбы, — деди эчки.

*Л. Толстой*



1. Карышкыр эчкини эмне үчүн төмөн жакка чакырды?
2. Карышкырды мүнөздөп бер.

## СӨЗДҮН КӨРКҮ — МАКАЛДА

Алтын — жерден чыгат,
Баатыр — элден чыгат.

Адам эмгеги менен даңктуу.

Акылдуу бала — элпек,
Акылсыз бала — тентек.

Аганы көрүп ини өсөт,
Эжени көрүп сиңди өсөт.

Адамды адам кылган асыл эмгек.

Жалкоого шылтоо көп.

Көз коркок, кол баатыр.

Эр эмгегин жер жебейт.

## ТАБЫШМАК

Кээде укмуш жарымы жок,
Кээде такыр дайыны жок.
Кээде кескен дарбыздай,
Кээде ороктой, сабы жок. (. .)

Түндө бар, күндүз жок,
Асманда бар, жерде жок. (. . . . . .)

Асман ыйлап шолоктоп,
Көзүнөн жаш төгүлдү.
Суусап турган эгиндер,
Кулпунуп кооз көрүндү. (. . . . . .)

## ЖАҢЫЛБАЙ БАТ АЙТ

Апал сулуубу?
Үсөн улуубу?
Үпөл сулуубу?

Асан менен ким эгиз?
Апал менен ким эгиз?
Үсөн менен ким эгиз?
Үпөл менен ким эгиз?

Арала балам, араала,
Атаңа бир аз карала.
Сен аралабаганда,
Ким арааламак эле.

Сен каралабаганда
Ким караламак эле.

Апам алмадан үчтү үздү,
Алмуруттан үчтү үздү.
Жетпегенин күбүсө,
Жерге баары түз түштү.

## Коён менен кирпи

Бир күнү коён менен кирпи жолугуп, коён кирпиден минтип сурады:

— Сенин кийгениң кандай тон? Ылгый эле тикенек. Өзүңдүн түрүң да суук экен. Бутуң кыска, тумшугуң узун, кулагың кичине. Катуу жүгүрө албайсың.

Анда кирпи:

— Сенин айткандарың туура, коён. Бирок менин кийген тонум эң сонун. Бул тон мени ит менен карышкырдан сактайт. Кымтынып кийип алсам мага эч ким тие албайт. Сен өзүң сулуу болгонуң менен меникиндей тикенектүү тонуң жок. Үстүңдөгү териң жука. Душмандан сактанууга сенин ак тонуң жарамдуубу? — деди.




Коён кирпиге:

— Ырас сеники, досум. Менин тонум жука. Ит менен карышкырдын тиштери батып кетет. Бирок менин кулагым узун, алыстан угам. Өтө күлүкмүн. Мен чуркаганда ит да, карышкыр да жетпей калат, — деди.

*К. Ушинский*

Текстти оку, түшүнгөнүңдү айтып бер.

## Лифт



Токто десең — «куп» деген,
Эшик ачып — «чык» деген.
Кабаттардан кабатка,
Бир заматта «лып» деген.

Күнү-түнү талыкпай,
Киши ташып жүздөгөн.
Бийик-бийик үйлөрдө,
Сонун экен лифт деген.

*Т. Самудинов*

Көркөм оку.

## Интернет


Кыдырамын күнүгө,
Булуң-бурчун дүйнөнүн.
Балдар менен достошом,
Бирок өзүм үйдөмүн.
Бардык жерден заматта,

Жаңылыкты угамын.
Жер тыңшаган Маамыттай,
Бирок үйдө турамын.
Калдыңарбы кызыгып,
Мунун сырын билсем деп.
Техника заманбап,
Анын аты — Интернет.

*Ы. Кадыров*

## Төө жумушка келатса

Өчөң-өчөң төө желип,
Келе жатса жумушка.
Чакырып калды конокко,
Чай ичип кет деп кумурска.



Тамак-ашын түрдүүлөп,
Дасторконго жайнатып,
Кумурска чай апкелди,
Самооруна кайнатып.

Кичинекей чынысы,
Кичинекей табагы.
Кичинекей кумурсканын
Кыпындай да тамагы.
Буларды төө көрө албай,
Бүркөлүп турду кабагы.

*К. Жунушев*

Эмне үчүн төөнүн кабагы бүркөлүп турду?

## Буудайдан нан жасалат

Биз буудай талаасына келе жаттык.

Чоң атам:

— Сен нандын кайдан пайда болорун билесиңби?


— Дүкөндөн алып келет.

— Дүкөнгө кайдан алып барат?

— Билбейм.

— Эмесе угуп тур, берегн буудай саргайып, бышат. Анан комбайн менен бастырабыз, кампага жөнөтөбүз. Ал жерден тегирменге салдырышат. Ун тартылат. Ундан нан бышырылып, силердин дүкөнгө түшөт. Билдиңби?

— Билдим, — дедим.




Биздин дүкөнгө нанды жөнөтүп жаткан чоң атам жана анын айылдаштары экенин түшүндүм.

*М. Ормонбеков*


Текстти оку, түшүнгөнүңдү айтып бер.



Нанды чачпа,
Бутуң менен баспа.
Жерде жатса алып,
Таранчыга ташта.



Нандан улуу тамак жок,
Адамдан улуу атак жок.



Нандын ысыгы жакшы,
Сөздүн бышыгы жакшы.

## Жеңиш күнү

Бизди көргөн бул жеңиш,
Катаал согуш каарынан.
Өрт ичинде жаралган,
Аталардын канынан.
Билүү керек ар бир кыз,
Билүү керек ар улан.
Бизди коргоп аталар,
Кечкендигин жанынан.
Ошон үчүн бул майрам,
Бизге кымбат баарынан.

*Ж. Садыков*



Эмне үчүн бул майрам бизге кымбат?

## Арстан менен коён

*(Кыргыз эл жомогу)*

Калың токойдун четинде бир коён жашаптыр. Ал коркоктук кылып, ийининен эч чыкчу эмес.

Бир күнү ал: «Мен коркконумдан жалаң гана ийинде жатып, кантип күн көрөм? Мындай кылбайын, баатыр болоюн», — деп ойлоду. Ошол замат ийинден чыга калды. Коён алдында турган арстанды көрүп, жыгачтай катып калды.

Арстан коёндун жанына келип:

— Колго түштүң ээ! Эми сени жеймин, — деп тиштерин кычыратты.

Коён кутулуштун аргасын издеп:

— Жесең же, бирок айта турган сырым бар, — деди.

— Тезирээк айт, — деди арстан.

— Сен өтө күчтүүсүң, мунуңа мен ишенем. Бирок кудукта сенден да чоң арстан бар. Ал сени жейм деп, ачууланып жаткан. Ошого бир беттешип көрүп, мени анан жебейсиңби. Мен эч кайда качпайм.



Арстан чындап ачууланып:

— Кана? Кайсы жерде? Мени ээрчитип баргын — деди. Коён арстанды кудукка ээрчитип барып:

— Мына ушул кудукта, көрчү өзүң, — деди. Арстан кудукту карап, өзүнүн сөлөкөтүн көрдү да:

— Мен ушундан кантип кем калайын! Кана, күрөшүп көрөлү! — деп кудукка секирип түштү.

Арстандан коён ошентип кутулуп, макоо экен — деп шылдың кылып, секирген бойдон кете бериптир.

Коён арстанды кандайча алдады?

## ТӨРТ МЕЗГИЛ

### Жазда

Жазды мактап тоскондой,
Ырдай берет боз торгой.
Төрт түлүк мал төлдөшөт,
Айран, сүттү көлдөтөт.
Балыр чөптү кармалап,
Балдар издейт мандалак.



### Жайда

Бедерленип жер бети,
Жашылданат келбети.

Чымын, чиркей, көпөлөк,
Учуп жүрөт көкөлөп.
Жүр, жүр балдар, баралык,
Калкан кармап алалык.





**Күздө**

Керилген жер бети,
Алтындай келбети.
Тоо болуп жыйналат,
Эмгектин бермети.

**Кышта**



Мына, мына аппак кар,
Аппак карда алтын бар.
Жазда тердеп эришет,
Жерге жашын төгүшөт.

*А. Токомбаев*

Сага жаккан ырды жаттап ал.

**Таш бака**



Саякатчы таш бака
Сахарага барыптыр.
Чөлдөн ысык өтөт деп,
«Чөйчөк» кийип алыптыр.
Сайран куруп бир далай,
Таң-тамаша салыптыр.
Анан далай жылдан соң,

Ал таш бака карыптыр.
А «чөйчөгү» жонунан,
Түшпөс болуп калыптыр.

*И. Токтогулов*

Таш бака кайда барыптыр?

## Абышка менен дөө

*(Кыргыз эл жомогу)*

Илгери-илгери бир абышка жашаптыр. Бир күнү ал жолдон жумуртка таап алат. Андан ары бара жатса, алдынан дөө чыгат.

Абышка дөөдөн аябай коркуп кетет, бирок ошол замат амал ойлоп таап:

— Эң сонун болбодубу. Сени таап кел деп, мени хан жиберди, — дейт.

Дөө таң калып:

— Хан мени эмне кылат экен? — деп сурайт.

Абышка дөөнүн коркконун билип:

— Хан алтын сарай салдырат экен. Ошого ылайыктуу устун жок болуп жатат. Сен аябай узун эмессиңби, ошого сен ылайыктуу экенсиң. Жүр, тез кетели, — дейт.



Абышканын айтканына ишенбей дөө аны менен күч сынашмакчы болот. Алар суу табылгадан сары суу сыгып чыгарууга мелдешишет. Дөө куураган табылганы бычырата кармаса, суу чыкпайт. Кезек абышкага келет. Ал колундагы жумуртканы табылгы менен кошо кармайт. Жумуртка жарылып, сары суу чыгат.

Муну көргөн дөө абышкадан чындап коркот да: — Айланайын абышка, ырайым кыл, мени бошот, акыңа муну ала тур, — деп ага муштумдай алтын берет. Абышка алтынды алып:

— Мейли анда — деп, кутулганына сүйүнүп, абышка жолуна түшөт.

Абышка дөөнү кантип алдады?



### Суроо-жооп табышмак

Жумшактын жумшагы эмне?
— Кебез.
Катуунун катуусу эмне?
— Таш.
Кезектешип жарык берген эмне?
— Күн, Ай.
Мээрими менен нур берип, жылытып турган не болот?

— Күн.
Дүйнөдө эмне күлүк?
— Ой.
Дүйнөдө эмне таттуу?
— Уйку.
Баарынан эмне
семиз?
— Баарынан жер
семиз.
Ким сүйлөбөй окутат?
— Китеп.
Эмнеде тамыр жок?
— Ташта тамыр жок.
Эмнеде көпүрө жок?
— Көлдө көпүрө жок.

Көркөм оку, түшүнгөнүңдү айт.

## Мекен

Учу-кыйры кең мекен,
Алдейлеген энем сен.
Бүт дүйнөнү кыдырсам да
Табалбаймын сага тең.

Булагыңдан суу ичем,
Гүлзарыңдан гүл үзөм.
Балдан таттуу сезилет,
Бак алмаңды мен жесем.

Жатка ыраа көрбөймүн,
Көз артканга бербеймин.
Зордукчуга тарттырбай,
Жергем сени жердеймин.

*Т. Үмөталиев*

1. Мекен деген эмне?
2. Мекен жөнүндө эмнелерди билесиңер?

## «Алиппе» майрамы

Бүгүн биздин мектепте,
«Алиппенин» майрамы.
Окуп калдык бүт таанып,
Отуз алты тамганы.



Алгач жүрсөк апкаарып,
Анан көнө баштадык.
Жаңылмачка тил көнүп,
Жакшы ырларын жаттадык.

Көптү билдик көп окуп,
«Алиппе» менен достошуп.
Сезимдерди ойготту,
Оюбузга ой кошуп.



Сүйүктүү ушул «Алиппе»,
Китептердин төл башы.
Жолуктурган дөөлөргө,
Жомогу бар көп жакшы.



Ала-Тоолук болобуз –
Ачылган гүлдөй жайдагы.
Балдар ырдап, бийлешип,
Баары куунак, жайдары.



*Б. Асаналиев*

# АЛФАВИТ

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| А а | *А а* | Л л | *Л л* | Ф ф | *Ф ф* |
| Б б | *Б б* | М м | *М м* | Х х | *Х х* |
| В в | *В в* | Н н | *Н н* | Ц ц | *Ц ц* |
| Г г | *Г г* | ң | *ң* | Ч ч | *Ч ч* |
| Д д | *Д д* | О о | *О о* | Ш ш | *Ш ш* |
| Е е | *Е е* | Ө ө | *Ө ө* | Щ щ | *Щ щ* |
| Ё ё | *Ё ё* | П п | *П п* | ъ | *ъ* |
| Ж ж | *Ж ж* | Р р | *Р р* | Ы ы | *Ы ы* |
| З з | *З з* | С с | *С с* | ь | *ь* |
| И и | *И и* | Т т | *Т т* | Э э | *Э э* |
| Й й | *Й й* | У у | *У у* | Ю ю | *Ю ю* |
| К к | *К к* | Ү ү | *Ү ү* | Я я | *Я я* |

Кыска үндүүлөр: а, о, у, ы, ө, ү, э (е), и

Созулма үндүүлөр: аа, оо, уу, ээ, өө, үү

Каткалаң үнсүздөр: к, п, с, т, ф, х, ц, ч, щ, ш

Жумшак үнсүздөр: б, в, г, д, ж, з, й, л, м, н, ң, р

Йоттошкон тамгалар: е, ё, ю, я

Ажыратуу белгиси: ъ

Ичкертүү белгиси: ь

## ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИ

**1-көнүгүү.** Ырды оку, маанисин түшүн. Айтып бер.

Эне тилин билбеген,
Эси жогун аныктайт.

Эне тилин сүйбөгөн,
Элин сүйүп жарытпайт.

*Б. Сарногоев*

**2-көнүгүү.** Текстти тыным жасап, көркөм оку. Сүйлөмдөрдүн кандай жазылганын айтып бер.

Бир күнү желип-жортуп келатып, карышкыр Чыпалакка жолугуп калат.

— Кедеңдеген сен кимсиң? Жалмап коёюнбу? — дейт карышкыр.

— Кой, антпе, — дейт Чыпалак, — өзүңө жаман, ит кылып салам.

Ха, халап... каткырат карышкыр.

— Карышкыр ит болуптур дегенди сага ким айтып жүрөт? Ушу кытмырдыгың үчүн жейм сени! — деп карышкыр баланы жутуп коёт.

*«Чыпалак бала». Ч. Айтматов*

### Билип ал!

Оозеки кепте бир сүйлөм менен экинчи сүйлөм тыным аркылуу бөлүнүп айтылат. Жазууда сүйлөмдөрдүн аягына тыныш белгилер (.!?) коюлуп жазылат.

**3-көнүгүү.** Сүйлөмдөргө тиешелүү тыныш белгилерин коюп, көчүрүп жаз.

Кар жаап басылды Чолпон, муз тээп ойногону барасыңбы Сен коньки тепкенди билесиңби

**4-көнүгүү.** Сүрөт боюнча сүйлөм түз. Кандай тыныш белгилерин коюп жаздың?



## СҮЙЛӨМ

**5-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү бөлүп, тыныш белгилерин коюп көчүрүп жаз. Ар бир сүйлөмдү кандай тамга менен баштап жазасың?

Бүгүн Айжан кызыктуу китеп окуду сен дүкөнгө барасыңбы Кайрат менен Сайкал шахмат ойноошту бах жыттуу экен

**Билип ал!**

Сүйлөм баш тамга менен башталып жазылат. Аягына тиешелүү тыныш белгилер коюлат.

**6-көнүгүү.** Тиешелүү сөздөрдү коюп сүйлөм түзүп жаз.

Улук ... чертет. Мээрим биринчи ... окуйт. Урматка апасы ... сатып келди.

**7-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү оку. Баш тамга менен жазылган сөздөрдү тап. Алар эмне үчүн баш тамга менен жазылган? Ойлон. Жыйынтык чыгар.

Кыргызстандын борбор шаары — Бишкек. Кубат жайында Суусамыр жайлоосуна бар-

ды. Ак-Буура суусу Ош шаарын аралап өтөт. Короону Кумайык кайтарат.

**Билип ал!**

Адамдардын, жер-суунун, шаарлардын, айылдардын жана айбанаттардын аттары дайыма баш тамга менен жазылат.

**8-көнүгүү.** Сүрөт боюнча сүйлөм түз.







## СӨЗ

**Билип ал!**

Биз айлана-чөйрөдөгү ар кандай нерселерди, кубулуштарды — көрөбүз, угабыз, сезебиз. Аларды сөздөр менен атап айтабыз.

*Мисалы:* үй, парта, ысык, таттуу, шамал, жамгыр.

**9-көнүгүү.** Сүрөт боюнча сөздөрдү жаз.









**10-көнүгүү.** Текстти оку. Электр буюмдарын билдирген сөздөрдү дептериңе жаз.

Элдос бүгүн үй буюмдарынын сүрөтүн тартууну чечти. Ак барактын бирине диван,

үтүк, компьютер, телевизор, чаң соргучтун сүрөтүн тартты. Экинчи баракка аквариумдун сүрөтүн тартты.

**11-көнүгүү.** Сүрөттөн идиштерди таап жаз. Канча идиштин атын жаздың?



## ТЫБЫШ ЖАНА ТАМГА

**Билип ал!**

Сөздөгү айрым үндөр тыбыш деп аталат. Тыбышты тамга менен белгилеп жазабыз.

Тыбыштарды — угабыз, айтабыз,
Тамгаларды — көрөбүз, жазабыз.

**12-көнүгүү.** Табышмакты оку, жообун тап. Көчүрүп жаз.

Ичине жел толтурдум
Кубалап жүрүп олтурдум (т..)

**Билип ал!**

Айтылганда тоскоолдукка учурап, көбүнчө шыбыш менен айтылса үнсүз тыбыштар деп аталат.

Каткалаң үнсүздөр: к, п, с, т, ф, х, ц, ч, щ, ш.

Жумшак үнсүздөр: б, в, г, д, ж, з, й, л, м, н, ң, р.

**13-көнүгүү.** Макалды оку. Көчүрүп жазып, үнсүздөрдүн астын эки сыз.

Жамгыр менен жер көгөрөт,
Эмгек менен эл көгөрөт.

## Билип ал!

Жалаң гана үн катышып айтылган тыбыштар үндүү тыбыштар деп аталат. Алар: а, о, у, ы, ө, ү, э (е), и, аа, оо, уу, ээ, үү, өө.

**14-көнүгүү.** Макалдарды оку. Көчүрүп жазып үндүү тыбыштардын алдын бир сыз.

Жакшы бала — элпек, жаман бала — тентек.

## Билип ал!

Созулма үндүүлөр эки тамга менен жазылып, бир тыбышты берет.

*Мисалы:* аары — деген сөздө 4 тамга, 3 тыбыш.

**15-көнүгүү.** Сөздөрдү оку. Сөздө канча тыбыш, канча тамга бар?

*Мисалы:* Саат — 4 тамга, 3 тыбыш.

Мээлей, өрөөн, тоо, күү.

## Билип ал!

Кыргыздын төл сөздөрүндө э(е) тыбышы сөздүн башында келсе «э» менен жазылат. Сөздүн ортосунда, аягында келсе «е» менен жазылат.

*Мисалы:* эл, эне, желек.

Созулма ээ сөздүн башында, ортосунда, аягында дайыма «ээ» болуп жазылат.

*Мисалы:* ээр, жээн, бээ.

**16-көнүгүү.** Сүйлөмдөгү э(е)нин жазылышына көңүл бур. Көчүрүп жаз.

Эрмек, ээрди бээге токуп мин. Энемдин элечеги аппак. Эчкилер аскада оттошот.

**Билип ал!**

Үндүүлөр жасалуу ордуна карай жоон жана ичке болуп экиге бөлүнөт.

Жоон үндүүлөр: а, о, у, ы, аа, оо, уу.

Ичке үндүүлөр: э(е), ө, ү, и, ээ, өө, үү.

**17-көнүгүү.** аа, оо, уу, ээ, үү, өө созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдү таап жаз.

*Мисалы:* Жаан, тоодак.

**Билип ал!**

К, Г тыбыштарынан кийинки же мурунку үндүүлөр жоон (а, о, у, ы) болсо, К(кы), Г(гы) болуп айтылат.

*Мисалы:* кол, жылкы, кулун.

**18-көнүгүү.** Макалдарды оку, көчүрүп жаз. Кы, гы болуп айтылган сөздөрдүн алдын сыз.

Акылдуу отко карайт,
Акылсыз казанга карайт.

**Билип ал!**

К, Г тыбыштарынан кийинки же мурунку үндүүлөр ичке (э(е), ө, ү, и) болсо, К(ки), Г(ги) болуп айтылат.

*Мисалы:* китеп, күз, өтүк, элик.

**19-көнүгүү.** Ю, я, ё, е тамгалары канча тыбыш берип айтыларын эсте. Төмөнкү сөздөрдү оку. Сөздө канча тыбыш, канча тамга бар?

Уя, уюк, коён, чие, боёк, чаян.

*Үлгү: уя — 2 тамга, 3 тыбыш.*

**20-көнүгүү.** Ь, ъ белгилери катышкан сөздөрдү туура көчүрүп жаз.

Альбом, январь, подъезд, компьютер, апельсин, бульдозер, коньки.

**21-көнүгүү.** Сөздөрдү оку. Сөздө канча тыбыш, канча тамга бар? Жаз.

Апрель, пальто, фонарь.

## МУУН

**22-көнүгүү.** Т, р, к, тамгаларын пайдаланып сөз түз. Сөз түзүлдүбү?

Н, к, ү тамгаларын пайдаланып сөз түз.

Кайсы сөз пайда болду? Жыйынтык чыгар.

### Билип ал!

Муун бир же бир нече тыбыштардан турат. Сөздө канча үндүү болсо, ошончо муун болот.

**23-көнүгүү.** Макалды оку. Муундарга бөлүп, көчүрүп жаз.

Таза аба жуткуң келсе, эрте тур.
Таза өмүр сүргүң келсе, эмгек кыл.

**24-көнүгүү.** Ча-, ба-, та- муундарын катыштырып экиден сөз түзүп жаз.

**25-көнүгүү.** Жаңылмачты оку. Бир муундан турган сөздөрдү дептериңе жаз.

Көк чөп көп,
Көпкөк чөп.

Көк чөптөн көп,
Көпкөк чөп.

## ТАШЫМАЛ

**Билип ал!**

1. Бир муундуу сөздөр ташылбайт.

*Мисалы:* ат, өрт, ил.

2. Бир тамгадан турган муундарды жол аягына калтырып, же жаңы сапка ташууга болбойт.

*Мисалы:* сы-я, ө-мүр.

3. Созулма үндүүлөрдү эки бөлүп ташууга болбойт.

*Мисалы:* бу-удай эмес, буу-дай.

**26-көнүгүү.** Бир муундуу сөздөрдү дептериңе жаз. Бул сөздөрдү ташымалдоого болобу?

Гүл — аарыныкы, бал — адамдыкы.
Дан — аш, алтын — таш.

**27-көнүгүү.** Ырды оку. Созулма үндүү катышкан сөздөрдү туура ташымалдап жаз. *Мисалы:* тоо-дон.

Зуу, зуу, зуу, зуу
Тоодон бороон улуду.
Тоого жетип коно албай,
Тоодак байкуш куруду.

**28-көнүгүү.** Сүрөт боюнча үч сүйлөм түзүп жаз.



**29-көнүгүү.** Көчүрүп жаз.

Шыр-шыр шырылдак,
Шырылдама ыр ырдап,
Кыйын ырчы тоо булак.

*Т. Сыдыкбеков*

**30-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөр менен сүйлөм түзүп жаз.

Жай, ысык, эс алуу, жайлоо, каникул, Ысык-Көл.

**31-көнүгүү.** Макалдарды муунга бөлүп жаз.

Акыл тозбос тон, билим түгөнбөс кен.
Ынтымак болбой, иш оңолбос.
Ким эмгекти сүйсө, аны ден соолук сүйөт.

## ТҮШҮНДҮРМӨ

**нар** — бир өркөчтүү төө
**акарат** — каршы айтуу, каяша сүйлөө
**көөнүн оорутуп** — көңүлүн оорутпа
**жер тыңшаган Маамыттай** — Эр Төштүктөгү каарман
**саякатчы** — эл, жер көрүүгө сапарга чыгуу
**Сахара** — Африкадагы чөл
**устун** — тирөөч, тирек, түркүк

---

*Окуу басылмасы*

**Кубаталиева Бела Мурсабековна**
**Абыканова Акылгул Айнидиновна**
**Асаналиева Майрамкуль Мукашевна**

**АЛИППЕ**

Жалпы билим берүүчү мектептин
1-классы үчүн окуу китеби

Басманын директору *Б. Джапарова*
Редактору *Р. Сакелова*, сүрөтчүсү *Б. Жайчибеков*, көркөм редактору *З. Мидинова*
Компьютердик калыптоочу *А. Арыкбаев*, корректору *А. Орозова*, техн.редактору *М. Курбанбаева*

Басууга 24.04.2014. кол коюлду. Офсет кагазы 80 г. Кагаздын форматы 70х100 1/16
Түстүү ыкма. Көлөмү 7,0 накта басма табак. Нускасы 3000 даана. Заказ № LTM – 1/А – В

«Кутаалам» басмасында даярдалды. Бишкек ш., Горький көчөсү, 1.
www.kutaalam.kg, e-mail.: kutaalam2012@gmail.kg Тел.: + 996 (312) 530 974, 534 863